**Бекитемин**
Г. Молдо атындагы № 71
мектеп-интернатынын директору
_______ Абдыкадыров Э.К.

## Мектеп парламентинин ишмердүүлүгү тууралуу жобо

1.1. Мектеп парламенти мектептерде демократиялык кайра түзүүлөрдү ишке ашыруунун негизине айланды.Мектеп парламенти өзүн –өзү башкаруу тутуму аркылуу демократиялык процессин колдоо учурунда төмөндөгүлөрдү аткарат.

1.2. Адам укуктарынын жана эркиндигинин кепилдиктерин ишке ашыруу үчүн бардык күчтөрдү бириктирүүгө натыйжалуу чара көрөт.

1.3. Жалпы тең укуктуулук принциптеринин негизинде Кыргызстандагы мектептер аралык байланыштарды өнүктүрөт.

1.4. Окуучулар,мугалимдер,мектеп жетекчилери,ата-энелер,коомчулук менен көйгөйлөрдү чечүү боюнча кызматталат.

## 2.Мектеп парламентинин ички уюму.

2.1.Мектеп парламентинин отуруму зарылчылыкка жараша, бирок жумасына бир жолудан кем эмес өтүлүүгө тийиш.

2.2 “Мектеп парламентинин жана мектеп жетекчилигинин ортосундагы укуктардын чегинин ажыратылыш жөнүндө” мыйзамына ылайык, ар бир өзүн –өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрүнө милдеттер бөлүнүп берилет.

2.3. Мектеп парламентинин ичинде маалымат берүү мектеп парламентинин отуруму жана уюмдун мүчөлөрүнүн баарлашуусу аркылуу ишке ашат.

2.4. Уюмдун мүчөлөрүнүн иштерине ички көзөмөл мектеп парламентинин отурумундагы ар бир мүчөнүн жекече отчеттору аркылуу ишке ашырылат (Ар бир чейректе ишке ашырылат).

## 3.Мектеп парламентин шайлоочулар.

3.1. Мектеп парламентинин мүчөлөрү отчеттук мезгилде 2 ден кем эмес жолу шайлоочулардын алдынада отчет берет.

3.2. Мектеп парламентинин мүчөлөрүнүн иштери төмөнкү талаптарга таянат.

- ✓ Демократиялуулук
- ✓ Чынчылдык
- ✓ Ачыктык
- ✓ Принциптүүлүк
- ✓ Толеранттуулук

3.3. ММК аркылуу (газета,радио,жарыя бурчу,маалымат бурчу) мектеп парламентинин иштери чагылдырылат.

**4. Мектеп парламенти жана мектеп жетекчилиги.**

4.1.Мектеп парламенти жана мектеп жетекчилиги “мектеп парламентинин жана мектеп жетекчилигинин укуктарынын чегинин ажыратылыш жөнүндө” мыйзамына ылайык кызматташат.

4.2.Мектеп парламентинин мектептин жалпы бюджети жана анын мектеп жетекчилиги тарабынан коротулушу жөнүндө кабардар болууга тийиш.

4.3. Мектеп парламенти мектеп жетекчилигинин жана жогорку органдардын короосуна жалпы бюджеттик каражаттарды үнөмдөө жана коротуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

4.4.Мектеп жетекчилиги мектеп парламентинин алдында жылына 2 ден кем эмес жолу кошумча каражаттардын коротулушу жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

**5.Парламент жана коомчулук.**

5.1. Мектеп парламенти мектеп парламентинин ишмердүүлүгүнө ата-энелерди таартууга укуктуу (отурумдар,мүчөлөрдү шайлоо,мектептеги спорттук,агартуучулук иш-чаралары).

5.2.Мектеп парламенти жергиликтүү бийлик органдары, бейөкмөт уюмдар, коммерциялык эмес жана коммерциялык уюмдар менен билим берүү ишмердүүлүгүнө кошумча каражаттарды тартуу максатында кызматташат.

5.3.Мектеп парламенти мектеп парламентинин идеяларын жайылтуу максатында аймактардагы мектептер менен кызматташат.